***Кыргыз Республикасынын***
***Улуттук статистика комитети***

***Экспресс-маалымат***
2018-жыл, 12-январь

## 2017-жылдын январь-декабрындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

***(млн. сом)***

| | **Иш жүзүндө** | **2017 январь-декабрь 2016[1] январь-декабрына карата пайыз менен** | **Маалымдама: 2016[1] январь-декабрь 2015 январь-декабрына карата пайыз менен** |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын ала баалоо боюнча) | 493 322,0 | 104,5 | 103,8 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 445 396,1 | 104,5 | 103,7 |
| Өнөр жай продукциясынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 231 187,8 | 111,5[2] | 104,9[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эсепке албаганда | 130 083,1 | 121,0[2] | 104,8[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 17 996,6 | 178,4[2] | 120,1[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 176 447,2 | 107,6[2] | 105,4[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 34 900,6 | 110,1[2] | 96,5[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 1 843,4 | 106,6[2] | 106,9[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 207 378,4 | 102,2 | 103,1 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестиция (капиталдык салымдар) | 144 705,8 | 106,2 | 105,8 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 140 215,1 | 107,1 | 109,3 |

| | Иш жүзүндө | 2017 январь-декабрь 2016[1] январь-декабрына карата пайыз менен | Маалымдама: 2016[1] январь-декабрь 2015 январь-декабрына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| Дүң жана чекене сооданын жалпы көлөмү, автомобилдерди жана мотоциклдерди оңдоо | 500 164,3 | 105,9 | 108,3 |
| анын ичинде автомобилдерди жана мотоциклдерди сатуудан тышкары чекене соода | 268 541,0 | 105,9 | 108,2 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 22 494,9 | 108,5 | 109,5 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 31 233,9 | 102,3 | 105,3 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 682,2 | 104,1 | 104,4 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 717,1 | 103,2 | 82,3 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 23 847,0 | 82,1 | 89,8 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 103,2 | 100,4 |
| - 2016-ж. декабрына карата | 103,7 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 57,6 | 103,6 | 99,2 |
| Бир кызматкердин орточо айлык номиналдык эмгек акысы[3], сом | 14 874 | 106,7 | 109,3 |
| Тышкы соода жүргүзүү[4] | 5 602,5 | 110,9 | 101,0 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 2 179,2 | 114,3 | 88,3 |
| Экспорт[4], млн. АКШ доллары | 1 541,3 | 112,8 | 105,1 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 522,7 | 125,7 | 117,0 |
| Импорт[4], млн. АКШ доллары | 4 061,2 | 110,2 | 99,5 |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 1 656,5 | 111,2 | 82,6 |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] Январь-ноябрь. Чакан ишканаларды эсепке албаганда.
[4] Январь-ноябрь. (алдын-ала маалыматтар боюнча).

# 2017-жылдын январь-декабрындагы Кыргыз Республикасынын экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жыйынтыгына кыскача түшүндүрмөлөр

2017-жылдагы республиканын экономикалык өнүгүүсүнүн темпинин жетишилген өсүүсү товар өндүрүүчү тармактын 7,5 пайызга жана кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүнүн 2,1 пайызга эсебинен камсыздалды.

**Өнөр жай.** Өткөн жылдагы өнөр жай продукцияларынын көлөмүнүн өсүүсү металл рудаларын казуунун (3,8 эсеге), чийки мунайзат жана жаратылыш газынын (20,1 пайызга), тазаланган мунайзат продуктуларын (25,9 пайызга), резина жана пластмасса буюмдарынын (23,2 пайызга), башка металл эмес буюмдардын (20,5 пайызга) жана негизги металлдарды (3,3 пайызга), ошондой эле тамак-аш азыктарын (12,3 пайызга) өндүрүүнүн көбөйүшүнүн эсебинен камсыз болду.

Муну менен бирге электрондук жана оптикалык жабдуулар (65,5 пайызга), электр жабдуулары өндүрүшүндө (12,3 пайызга), жыгач, кагаз буюмдары жана басмакана ишинде (0,4 пайызга) мурунку жылдын деңгээлинен артта калуу белгиленди.

Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуунун (жабдуу) көлөмүнүн өсүшү электр энергия өндүрүүнүн (18,5 пайызга) жана буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуунун (жабдуу) (12,8 пайызга) көбөйүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Айыл чарбасы.** Айыл чарбасынын дүң продукциясынын көлөмүнүн өсүшү мал чарбачылык продукцияларынын - 2,0 пайызга көбөйүшү, тирүүлөй салмактагы мал жана канаттуулардын - 1,7 пайызга, сүттүн - 2,1 пайызга жана жумуртканын - 8,7 пайызга, ошондой эле өсүмдүк өстүрүүчүлүк продукцияларынын - 2,5 пайызга, жашылча-жемиштердин - 3,4 пайызга, дан буурчак өсүмдүктөрүнүн - 4,6 пайызга, арпанын - 2,2 пайызга, картошканын - 2,0 пайызга өсүшүнүн эсебинен камсыздалды.

**Курулуш.** Негизги капиталга инвестициянын көлөмүнүн өсүүсү пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), дүң жана чекене соода, мейманканалар жана ресторандар, маалымат жана байланыш, саламаттыкты сактоо, искусство, көңүл ачуу жана эс алуу, башка тейлөө ишмердиги, ошондой эле турак жай объекттеринин курулушунда белгиленди.

Муну менен катар айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук, суу менен жабдуу, тазалоо жана калдыктарды иштетүү, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, ошондой эле билим берүү объекттеринин курулушунда инвестициянын көлөмү төмөндөдү.

Ошону менен бирге ички булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 10 пайызга, тышкы булактардын эсебинен каржыланган инвестициялардын көлөмү 1,5 пайызга өстү.

Негизги көлөм (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 72 пайызы) пайдалуу кендерди казуу, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), транспорт ишмердиги жана турак жай объекттеринин курулушуна багытталды.

**Соода.** 2017-жылдагы дүң жана чекене соода жүгүртүүнүн, автомобилдерди жана мотоциклдерди ондоонун көлөмү 2016-ж. салыштырмалуу 5,9 пайызга өстү жана 500 млрд. сомду түздү.

Товар жүгүртүүнүн эң жогорку өсүшү чекене жана дүң соодада (5,9 жана 7,5 пайызга) байкалды.

2017-жылы мейманканалар жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү 2016-ж. салыштырмалуу 8,5 пайызга өсүп, 22,5 млрд. сомду түздү.

Мындай кызмат көрсөтүүлөрүнүн көлөмү өткөн жылга салыштырмалуу Нарын облусунан башка республиканын бардык региондорунда жогорулады.

**Баалар жана тарифтер.** 2017-жылдын декабрында керектөө бааларынын жана тарифтеринин мурунку айга салыштырмалуу өсүүсү жалпы республика боюнча 0,7 пайызга белгиленди. Тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары эң көп (1,5 пайызга) жогорулады. Муну менен бирге жаңы бышкан жашылчалардын (14,4

пайызга), картошканын (9,0 пайызга), куюп сатылуучу сүттүн (5,2 пайызга) жана жумуртканын (3,6 пайызга) баалары эң көп кымбаттады. Ошол эле мезгилде 2017-ж. декабрында мурунку айга салыштырмалуу кумшекердин (1,4 пайызга), акшактын (2,5 пайызга), балыктын (бир пайызга), койдун этинин (0,9 пайызга), өсүмдүк майынын (0,2 пайызга) жана нандын (0,2 пайызга) бааларынын төмөндөшү байкалды.

2017-жылдын декабрында мурунку айга салыштырмалуу жалпы республика боюнча тамекинин (1,4 пайызга), кызмат көрсөтүүлөрдүн (0,7 пайызга), алкоголдук ичимдиктердин (0,2 пайызга) баалары жана тарифтери жогорулады. Муну менен катар 2017-ж. декабрында азык-түлүк эмес товарлардын бааларынын жалпысынан 0,3 пайызга төмөндөшү катталды, бул негизинен катуу отундун (5,0 пайызга), суюлтулган газдын (2,2 пайызга) жана фармацевтикалык продукциялардын (0,2 пайызга) бааларынын төмөндөшү менен шартталды.

2017-жылдын декабрында мурунку айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы республиканын бардык аймактарында байкалды, муну менен бирге алардын эң көп (2,6 пайыз) өсүүсү Ош облусунда, ал эми минималдуу (0,1 пайыз) өсүүсү - Баткен облусунда катталды. Муну менен бирге Ош облусунда башка региондорго салыштырмалуу тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын (3,7 пайызга), алкоголдук ичимдиктер жана тамекинин (2,1 пайызга) жана азык-түлүк эмес товарлардын (2,4 пайызга) баалары олуттуу жогорулады. Баткен облусунда 2017-ж. декабрында мурунку айга салыштырмалуу азык-түлүк эмес товарлардын (0,8 пайызга) жана алкоголдук ичимдиктердин (0,1 пайызга) бааларынын тескерисинче төмөндөшү белгиленди, ал эми тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары 0,3 пайызга жогорулады.

2017-жылдын январь-декабрында (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) керектөө секторундагы инфляциянын деңгээли 3,7 пайызды түздү, ошол эле убакта 2016-ж. керектөө бааларынын жана тарифтеринин 0,5 пайызга төмөндөшү белгиленген.

2017-жылы (мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу) тамекинин (24,1 пайызга) жана кызмат көрсөтүүлөрдүн (6,9 пайызга) баалары олуттуу өстү. Азык-түлүк эмес товарлардын (3,2 пайызга), тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктардын (2,7 пайызга) керектөө бааларынын деңгээли 2016-ж. декабрына салыштырмалуу жогорулады, ошол эле убакта алкоголдук ичимдиктердин баасы тескерисинче 2,7 пайызга төмөндөдү.

2017-жылдын январь-декабрындагы баалардын максималдуу өсүшү (11,1 пайыз) Ош облусунда, ал эми эң төмөнкү өсүшү (2,7 пайыз) Бишкек ш. катталды.

**Эмгек акы.** Орточо айлык чегерилген эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы экономикалык ишмердиктин бардык түрүндөгү ишканаларда жана уюмдарда, бирок эң олуттуусу мейманканалар жана ресторандар 917,9 пайыз), кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (17,1 пайыз), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (16,1 пайыз), иштетүү өндүрүшү (11,7 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (10,9 пайыз), кыймылсыз мүлк операциялары (8,5 пайыз), ошондой эле электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыз кылуу (7,2 пайыз0 чөйрөсүндө байкалды.

**Тышкы экономикалык ишмердик.** 2017-жылдын январь-ноябрында экспорттук жөнөтүүлөр 2016-жылдын январь-ноябрына салыштырмалуу 12,8 пайызга өстү, бул жылмалатылган айнекти (1,9 эсеге), чалган майды (1,5 эсеге), кургатылган мөмө-жемиштерди (44,7 пайызга), рудаларды жана баалуу металлдардын концентраттарын (12,9 пайызга), ошондой эле монетардык эмес алтынды (2,8 пайызга) жөнөтүүнүн көбөйүшү менен камсыздалды. Ошол эле убакта кургатылган буурчак жер-жемиштерин (31,8 пайызга), электр жылытуу лампаларын (29,0 пайызга) ташып чыгуунун төмөндөшү байкалды.

Импорттук түшүүлөрдүн көлөмү 10,2 пайызга жогорулап, 4061,2 млн. долларды түздү. Импорттук түшүүлөрдүн жогорулашы синтетика кездемелерин (5,5 эсеге), жасалма жиптерден жасалган кездемелерди (3,1 эсеге), керамика буюмдарын (1,8 эсеге), унаа дөңгөлөктөрдү (1,5 эсеге), байланыш аппаратураларын жана алардын бөлүктөрүн (45,4 пайызга), дары каражаттарын (31,8 пайызга), мунайзат азыктарын (25,5 пайызга), пластмасса жана андан жасалган буюмдарды (10,1 пайызга) ташып келүүнүн көбөйүшү

менен шартталды. Муну менен катар автоунаалардын тетиктерин жана бөлүктөрүн (8,1 пайызга) жана кийим жана кийимге таандык буюмдарды (5,3 пайызга) ташып келүү төмөндөдү.

*ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен республиканын өз ара соодалашуусунун көлөмү* 2017-жылдын январь-ноябрында 2179,2 млн. АКШ долларын түзүп, 2016-жылдын январь-ноябрына салыштырганда 14,3 пайызга жогорулады. Муну менен бирге товарлардын экспорту 25,7 пайызга, импорт - 11,2 пайызга көбөйдү.

Республиканын ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен өз ара соодалашуусунун эң көп үлүшү Россияга (59,4 пайызы) жана Казакстанга (36,6 пайызы) туура келди.

Россияга товарларды экспорттоодо аялдардын трикотаж көйнөктөрүн (3,9 эсеге), эркектердин көйнөктөрүн (2,9 эсеге), эркектердин трикотаж көйнөктөрүн (1,5 эсеге), пияз жана сарымсакты (3,4 эсеге), кургатылган мөмө-жемиштерди (1,8 эсеге), чалган майды (13,7 пайызга) ташып чыгуу көбөйдү. Ошол эле учурда буурчак жер-жемиштеринин (29,5 пайызга) жана жылытуу лампаларынын (2,3 эсеге) экспорту төмөндөдү.

Россиядан товарларды импорттоодо канаттуулардын эттерин жана андан жасалган тамак-аш субпродуктуларын (3,2 эсеге), унаа дөңгөлөктөрдү (2,3 эсеге), ундан жасалган кондитердик азыктарды (40,5 пайызга), легирленбеген болоттон жасалган зымдарды (36,7 пайызга), шоколад жана башка даяр тамак-аш азыктарын (12,3 пайызга) ташып келүү өстү. Муну менен катар түтүктөрдү жана профилдерди (26,1 пайызга), боекторду жана лактарды (16,0 пайызга), ошондой эле дары каражаттарын (13,5 пайызга) ташып келүү төмөндөдү.

Казакстанга товарларды экспорттоодо аялдардын трикотаж көйнөктөрүн (2,8 эсеге), жылмалатылган айнекти (2,0 эсеге), рудаларды жана баалуу металлдардын концентраттарын (15,7 пайыз) ташып чыгуу көбөйдү. Ошол эле убакта пластмасса идиштерди (2,0 эсеге), кургатылган мөмө-жемиштерди (34,0 пайызга) ташып чыгуунун азайгандыгы байкалды.

Казакстандан товарларды импорттоодо макарон азыктарын (3,9 эсеге), ун азыктарын (2,5 эсеге), күрүчтү (2,3 эсеге), күнкарама майын (1,7 эсеге), аялдар жана балдар үчүн гигиена буюмдарын (1,6 эсеге), легирленбеген болоттон жасалган жалпак прокатты (39,1 пайызга), таш көмүрдү (22,0 пайызга), ошондой эле маргаринди (19,1 пайызга) ташып кирүүнүн көлөмү көбөйдү. Муну менен катар косметикалык каражаттарды (38,2 пайызга), изоляциялык зымдарды (15,0 пайызга) ташып кирүү төмөндөдү.

# Кыргыз Республикасынын негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүнүн өзгөрүүсү

### Ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эске албагандагы ички дүң продукт

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### "Кумтөр" кен казуу ишканаларын эске албагандагы өнөр жай продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Айыл чарбасынын дүң продукциясы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




### Негизги капиталга инвестиция

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



## Керектөө бааларынын индекси

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




## Орточо айлык номиналдык эмгек акы

*(сом)*




## Реалдуу эмгек акы

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Импорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




## Экспорттун көлөмү

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*



**ЕАЭБге мүчө мамлекеттерден болгон импорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен болгон экспорттун көлөмү**
*(мурунку жылдын тиешел[33] мезгилине карата пайыз менен)*




**Дүң жана чекене соода жүгүртүүсү**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Төрага** **А.Ш. Султанов**